**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б.Н. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 08.20.622 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 338.45.634:684.4 (575.2)

**Карагулова Айгерим Мурзапаязовна**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭМЕРЕК ӨНДҮРҮҮ ИШКАНАЛАРЫН ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮ СТРАТЕГИЯЛЫК ТАЛДООНУН ЖАНА БААЛООНУН ЫКМАЛАРЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ

**08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика**

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферата

**Бишкек – 2022**

Иш Россия элдердин достугу университетинин экономика факультетинин бухгалтердик эсеп, аудит жана статистика кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Чаплюк Владимир Захарович,** экономика илимдеринин доктору, профессор, Россия элдердин достугу университети, экономика факультети, бухгалтердик эсеп, аудит жана статистика кафедрасы, профессор |
| **Расмий оппонеттер:** | **Кулова Эркин Усеналиевна,** экономика илимдеринин доктору, профессор, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит кафедрасы, декан<br>**Эргешева Чынара Мухтаровна,** экономика илимдеринин кандидаты, Ош технологиялык университети, бухгалтердик эсеп жана аудит кафедрасы, улук окутуучу |
| **Жетектөөчү мекеме:** | М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети, бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит кафедрасы, дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 58 |

Коргоо 2022-жылдын 21-апрелинде саат 15.00дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдындагы экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д. 08.20.622 диссертациялык кеңештин жыйынында 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Жибек Жолу пр. 394 дареги боюнча өтөт.

Диссертацияны коргоону онлайн көрсөтүүнүн жеке коду: https://vc.vak.kg/b/d08-vqw-pjg-qie

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу пр., 394) жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Бишкек ш., Киев көч. 44) китепканаларынан, ошондой эле ДК http://dissovetecon.knu.kg. сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 19-мартында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин доктору, доцент Есеналиева Б.Б.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Тигил же бул өлкөнүн экономикасын туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу экономиканын түзүмүн калыптандыруучу элементи катары ар бир ишкананы өзүнчө туруктуу өнүктүрүүнү талап кылат. Бул ишканалардын ишинин статегиялык багыттарын аныктоо үчүн аларды белгилүү бир методикалык жардам берүү менен камсыздоону талап кылат.

Максат коюуда жана натыйжалуу стратегияны иштеп чыгууда аныктоочу фактор болуп ишкананын тышкы чөйрөсүнүн абалын жана муктаждыктарына карата жеке ресрустарын жана мүмкүнчүлүктөрүн баалоо үчүн стратегиялык талдоо саналат.

Тышкы чөйрөнүн динамикасы чарбалык субъекттерди туруктуулуктун натыйжалуу механизмдерин жогорулатуунун ыкмаларын жана каражаттарын издөөгө өбөлгө түзөт, ушуга байланыштуу ишкананы өнүктүрүүнүн туруктуулугун стратегиялык талдоонун жана баалооунун зарылдыгы келип чыгат.

Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу ишкананы туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоонун ыкмаларын жана мамилелерин өркүндөтүүнүн, алардын өнөр жай тармагынын конкреттүү шарттарына ыңгайлаштыруунун зарылдыгы менен аныкталат. Андан тышкары, ишкананы туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоонун жана баалоонун теориялык жана практикалык аспекттеринин жетишсиз иштелгендиги андан ары изилдөөнү талап кылат, бул теманы жана анын иштөө багытын тандоону аныктады.

**Диссертациянын темасынын билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүрүзүлүүчү артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы БУУнун Башкы Ассамблеясынын «Дүйнөнү өзгөртүү: 2030-жылга чейин мезгилде туруктуу өнүктүрүү жаатындагы күн тартиби» 2015-жылдын 25-сентябрындагы декларациясы, туруктуу өнүктүрүү жаатындагы отчеттуулук боюнча колдонмо, 2018-2040-жылдарда Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы, 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы, 2018-2022-жылдар мезгилинде Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн «Биримдик. Ишеним. Жаратмандык» программасы, 2019-2023-жылдарда Кыргыз Республикасынын өнөр жайын туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясы, 2019-2023-жылдарда Кыргыз Республикасында «жашыл» экономиканы өнүктүрүүнүн программасы менен түздөн-түз байланыштуу

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты чарбалык субъекттерди туруктуу өнүктүрүү жаатында стратегиялык талдоо жана баалоо ыкмаларын өркүндөтүүнүн багыттарын теориялык-методологиялык негиздөө болуп саналат.

Коюлган максатты ишке ашыруу төмөнкүдөй **негизги милдеттерди** чечүүнү талап кылды:

1. ишкананы туруктуу өнүктүрүү стратегиясын түзүүчү түшүнүктөрдү изилдөө жана конкреттештирүү, ишкананы туруктуу өнүктүрүүнү баалоого карата учурдагы мамилелерди жалпылоо, ишкананы туруктуу өнүктүрүүнү баалоонун ыкмаларын жана ролун стратегиялык талдоонун маңызына ар тараптуу изилдөө жүргүзүү;

2. негизги көрсөткүчтөрдүн системасын түзүүнүн негизинде Кыргызстандын шарттарында эмерек өндүрүү ишканаларын туруктуу өнүктүрүүнү баалоонун методикасын иштеп чыгуу;

3. Кыргызстандын эмерек өндүрүү абалын, өнүгүү тенденциясын жана спецификалык өзгөчөлүктөрүн баалоо;

4. Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүү ишканаларынын мисалында туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоонун сунушталган методикасын апробациялоо;

5. ишкананы туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоонун жана баалоонун ыкмаларын өркүндөтүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо;

6. моделдөө базасында эмерек ишканасынын оптималдаштыруунун негизги багыттарын жана стратегиялык потенциалын талдоону өнүктүрүү деңгээлинин ыңгайлашкан-сценарийлик болжолун иштеп чыгуу жана аныктоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы**:

1. ишкананы туруктуу өнүктүрүүнү баалоонун мамилелери жана методикалары системалаштырылды жана жалпыланды, эмерек ишканаларынын туруктуулугун баалоого карата стратегиялык талдоонун методикасын пайдалануу менен «туруктуу өнүктүрүү стратегиясы» түшүнүгү такталды;

2. экономикалык туруксуздук жана туруктуу өнүктүрүүнүн деңгээлин түзүүгө жана сактоого багытталган шарттарда комплекстүү баалоо жүргүзүүнү шарттаган көп факторлуу көрсөткүчтөрдү пайдалануу менен ишканалардын стратегиялык туруктуулугу менен башкаруу модели иштелип чыкты. Математикалык-статистикалык ыкмаларды жана туруктуулукту комплекстүү этап-этабы менен талдоону пайдалануу аркылуу экономикалык, экологиялык жана социалдык туруктуулуктун интегралдык көрсөткүчтөрүнүн негизинде Кыргызстандын эмерек өнөр жайынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен туруктуу өнүктүрүүнү балоонун методикасы сунушталды.

3. Кыргыз Республикасындагы эмерек өнөр жайынын абалына баалоо жүргүзүлдү, 2029-жылга чейин өнүгүү тенденциясы, болжолу аныкталды жана эмерек өнөр жайынын өзгөчөлүктөрү белгиленди;

4. Кыргыз Республикасынын айрым эмерек ишканаларынын мисалында эсептер жүргүзүлдү жана стратегиялык туруктуулук менен башкаруунун сунушталган модели жана туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоонун жана баалоонун методикасы апробацияланды;

5. ишкананы туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоонун жана баалоонун ыкмаларын өркүндөтүү боюнча сунуштамалар иштелип чыкты;

6. моделдөө базасында эмерек ишканасынын оптималдаштыруунун негизги багыттары жана стратегиялык потенциалын талдоону өнүктүрүү деңгээлинин ыңгайлашкан-сценарийлик болжолу иштелип чыкты жана аныкталды.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси** диссертациянын негизги тыянактары жана сунуштамалары эмерек ишканаларын туруктуу өнүктүрүүнү баалоо жана стратегиялык талдоо процессинде келип чыккан бир катар комплекстүү көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүндүк берет, ички жана тышкы кызыкдар тараптардын пайдалануусу үчүн берилүүчү сунушталган методиканы колдонуунун жыйынтыгында алынуучу маалыматтардын аныктыгынын деңгээлин жогорулатат. Илимий жоболор жана сунушталган методика практикалык мүнөзгө ээ жана эмерек ишканаларынын жетекчилери жана адистери тарабынан башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда аналитикалык ишмердигин методикалык жактан камсыздоодо колдонулушу мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси** жаңы илимий жетишкендик катары квалификацияланышы мүмкүн болгон теориялык жыйынды жоболорду иштеп чыгууда: туруктуулуктун комплекстүү интегралдык көрсөткүчтөрүн колдонууга негизделген туруктуу өнүктүрүүнү баалоонун жана стратегиялык талдоонун концепциялары, принциптери, методикасы. Диссертациянын теориялык натыйжалары ишкананы туруктуу өнүктүрүү жана алардын ишин стратегиялык талдоо чөйрөсүндө жаңы илимий изилдөөлөр үчүн мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясы автордук түшүнүгү ишкананы туруксуз тышкы курчоо шарттарында ресурстарды натыйжалуу башкарууга негизделген аларга жетүү үчүн инструменттердин аныкталган топтомун жана аракеттерин камтыган анын өндүрүштүк, экономикалык, башкаруучулук, экологиялык жана социалдык тараптан ишмердигинин олуттуу мүнөздөмөлөрүнүн жана параметрлеринин белгилүү деңгээлин калыбына келтирүү жана сактоо боюнча ишканалардын стратегиялык максаттарына жетүү максатында ишкананы өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү планы;

2. туруктуу өнүктүрүүнүн көп факторлуу көрсөткүчтөрдү пайдалануу менен ишканаларды стратегиялык туруктуулук менен башкаруунун жана экономикалык, экологиялык жана социалдык туруктуулуктун комплекстүү интегралдык көрсөткүчтөрүнүн негизинде Кыргызстандын эмерек өнөр жайынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иштелип чыккан модели;

3. эмерек чөйрөсүндө ата мекендик өндүрүшчүлөрдүн жана импорттук продукциялардын ортосундагы атаандаштык күчөгөн, айлана-чөйрө көбүрөөк булганган, экологиянын начарлануу жана адамдын ден соолугуна терс таасирин тийгизген шарттарда ата мекендик эмерек өндүрүүчүлөр экономикалык, социалдык жана экологиялык туруктуулукту колдоо менен туруктуу өнүктүрүүнүн принциптерине, ошондой эле туруктуу өнүктүрүү жаатындагы отчеттуулукту жарыялоого өтүү зарыл;

4. математикалык-статистикалык ыкмаларды пайдалануу жана туруктуулукту комплекстүү этап-этаптуу талдоо менен экономикалык, экологиялык жана социалдык туруктуулуктун интегралдык көрсөткүчтөрүнүн комплекси;

5. эмерек өндүрүү ишканаларынын туруктуу өнүктүрүүнү баалоонун стратегиялык талдоонун ыкмаларын өркүндөтүү, ошондой эле туруктуу өнүктүрүү жаатындагы отчеттуулук боюнча сунуштамалар;

6. моделдөө базасында эмерек ишканасынын оптималдаштыруунун негизги багыттарынын жана стратегиялык потенциалын талдоону өнүктүрүү деңгээлининин ыңгайлашкан-сценарийлик болжолунун автордук иштеп чыкты жана аныкталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөнүн натыйжалары М. Рыскулбеков атындагы КЭУда апробацияланды жана М. Рыскулбеков атындагы КЭУнун эокномика факультетинин окуу процессинде пайдаланылат. Туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоо жана баалоо жүргүзүүнү оптималдаштырууга багытталган практикалык сунуштамалар «Лина» (КР) эмерек фабрикасында стратегиялык пландоо ишинде чагылдырылды.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо.** Изилдөөнүн негизги жоболору төмөнкү эл аралык жана улуттук илимий-практикалык конференцияларда талкууланды: «Актуальные проблемы налогообложения и развития ключевых сфер экономики.» V эл аралык аралыктан илимий-практикалык конференция (Пенза ш., ноябрь 2014-ж.); «Актуальные проблемы учета, экономического анализа и финансово-хозяйственного контроля деятельности организаций.» II эл аралык аралыктан илимий-практикалык конференция (Воронеж ш., Воронеж мамлекеттик университети, 2015-ж.); «Профессия: прошлое, настоящее, будущее.» VI Эл аралык илимий студенттик конгресс (Москва ш., Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу Финансы университети, апрель 2015-ж.).

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыялоолордо толук чагылдырылышы.** Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжалары 10 илимий макалада жарыяланган, алардын ичинен 3 макала Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан сунушталган басылмаларда жарыяланган, 10 макала ИЦРИ базасында индекстелген басылмаларда, анын ичинде Воронеж (РФ), Москва (РФ) жана Пенза (РФ) шаарларында жарыяланган.

Диссертациянын түзүмү жана көлөмү. Диссертациялык изилдөөнүн түзүмү изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык аныкталган, ал киришүүдөн, шартуу кыскартуулардын тизмегинен, үч бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштамалардан, жана пайдаланылган булактардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 183 бетти түзөт, 22 таблицаны жана 24 сүрөттү камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Иштин киришүүсүндө** теманын актуалдуулугу негизделди, көйгөйдүн иштелип чыгуу даражасы көрсөтүлдү, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталды, илимий жаңылыгы ачыкталды.

**«Ишканаларды туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоонун жана баалоонун теориялык-методикалык негиздери» деп аталган биринчи бөлүмдө** ишкананын туруктуу өнүктүрүүнү баалоонун негизги түзүүчүлөрү конкреттештирилди жана системалаштырылды, «туруктуу өнүктүрүү» түшүнүгүнүн өзгөрүү тарыхы изилденди, ата мекендик дагы, чет элдик дагы окумуштуулардын баалоого карата колдонуудагы мамилелери жалпыланды.

Стратегиялык талдоонун маңызына ар тараптуу изилдөө жүргүзүлдү, негизги белгилери боюнча стратегиялык талдоонун ыкмалары системалаштырылды, ишкананы туруктуу өнүктүрүүдө стратегиялык талдоонун ролуна баалоо жүргүзүлдү.

Чет элдик жана ата мекендик авторлордун көп сандаган теориялык илимий иштелмелерине карабастан «туруктуу өнүктүрүү стратегиясы» түшүнүгүнүн бирдиктүү аныктамасы жок.

Туруктуу өнүктүрүү стратегиясы түшүнүгү чарбалык субъекттердин ишинин тышкы жана ички факторлорунан көз каранды болгон көп пландуу категориясы болуп саналат.

Ишкананы туруктуу өнүктүрүү менен башкарууну уюштуруу ачык система катары ишкананын ишинин тышкы жана ички факторлору жөнүндө маалыматтык база катары стратегиялык талдоону аткарууну өзүнө камтыган этап-этаптуу процессин камтыйт.

Стратегиялык талдоо биринчи этапта стратегиялык башкаруу болуп саналат, анын жүрүшүндө компаниянын потенциалдык баалоо үчүн ишкананын ички жана тышкы чөйрөгө жана ресурстардын андан ары өнүгүшү үчүн зарылдыктын болушуна талдоо жүргүзүлөт.

Бул этапта зарыл талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү маалыматтык база түзүлөт жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн даяр базаны түзөт.

Коюлган максаттарга жетүү көз карашынан алганда иштелип чыккан стратегиялык милдеттерди ишке ашырууну контролдоо каражаттары жана инструменттери катары ишкананы туруктуу өнүктүрүү деңгээлинин көрсөткүчтөрүнүн комплексин пайдалануу сунушталат.

SWOT – талдоо, McKinsey матрицасы, PIMS – талдоо, PEST – талдоо жана SPACE модели кыйла белгилүү жана илимий жана методикалык адабияттарда көп белгиленген стратегиялык талдоонун методикасы болуп саналат. Туруктуу өнүктүрүүнү баалоо максатында бул методикаларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу салыштырмалуу өзгөртүүлөрдү жана түзөтүүлөрдү талап кылат. Аныктамаларды изилдөөнүн негизинде ата мекендик жана чет элдик окумуштуу авторлор тарабынан туруктуу

өнүктүрүү стратегиясынын төмөнкүдөй жеке жалпыланган аныктамасы сунушталды: «Туруктуу өнүктүрүү стратегиясы автордук түшүнүгү ишкананы туруксуз тышкы курчоо шарттарында ресурстарды натыйжалуу башкарууга негизделген аларга жетүү үчүн инструменттердин аныкталган топтомун жана аракеттерди камтыган анын ишмердигинин өндүрүштүк, экономикалык, башкаруучулук, экологиялык жана социалдык тараптан олуттуу мүнөздөмөлөрүнүн жана параметрлеринин белгилүү деңгээлин калыбына келтирүү жана сактоо боюнча ишканалардын стратегиялык максаттарына жетүү максатында ишкананы өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү планы».

Автор тарабынан компанияны туруктуу өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй жалпыланган аныктамасы сунушталды: «Туруктуу өнүктүрүү – тышкы чөйрөнүн терс таасиринде анын ишмердигинин өндүрүштүк, экономикалык, башкаруучулук жана социалдык тараптарынын олуттуу мүнөздөмөлөрүнүн жана параметрлерининин белгилүү деңгээлин калыбына келтирүү жана сактоо системасынын жөндөмдүүлүгү».

Ишкананы туруктуу өнүктүрүү жаатындагы колдонуудагы изилдөөлөр милдеттүү элемент катары финансылык туруктуулуктун көрсөткүчтөрүн камтыйт; айрымдары экономикалык көрсөткүчтөргө гана топтоштурулат. Автордун пикири боюнча мындай методика жетишсиз: ишкананын туруктуулугун баалоо ишкананын ишинин багыттарынын толук тизмегин камтыган көрсөткүчтөрдүн системасына негизделүүгө тийиш. Бул системага экологиялык жана социалдык туруктуулуктун көрсөткүчтөрүн киргизүү зарыл.

**«Кыргыз Республикасында эмерек өндүрүү ишканаларын туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоо жана баалоо» экинчи бөлүмүндө** Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүшүн өнүктүрүүнүн тенденциялары жана өзгөчөлүктөрү ачыкталды, тармакты өнүктүрүү болжолу шартталды, эмерек тармагына түздөн-түз таасир берүүчү факторлор жекелештирилди, ички жана тышкы факторлорду эске алуу менен туруктуу өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу зарылдыгы негизделди, туруктуу өнүктүрүү принциптерине өтүү негизделди.

**Изилдөө объекти** эмерек ишканаларын туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоонун жана баалоонун негизги факторлору болуп саналат.

**Изилдөө предмети** чарбалык субъекттерди туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоо жана баалоо көйгөйлөрү болуп саналат.

**Изилдөө методдору жана материалдары.** Диссертациялык ишти изилдөө ишкананы туруктуу өнүктүрүүнүн бардык аспекттерине системалуу мамиле кылууга жана жалпы илимий талдоо, жалпылоо, салыштыруу, жалпылаштыруу, топтоштуруу, классификациялоо, болжолдоо методдорун пайдаланууга негизделген. Эмпирикалык изилдөөлөр фактордук стратегиялык талдоо методдоруна негизделген, атап айтканда, PEST, SWOT объекттерди комплекстүү баалоону аткарууга мүмкүндүк берүүчү жана башка.

Эмерек өндүрүшү Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын башка тармактарынын тобуна кирет, бирок ата мекенддик өндүрүштүн эң салттуу байыркы тармагынын бири болуп саналат.

Өнөр жайдын башка тармагында эмерек өндүрүшүнүн салыштырма салмагы ар түрдүү мезгилде 2008-жылы 39,9% эң минималдуу мааниден 1992-жылы 99,9% эң максималдуу мааниге чейин кармалып турган, ал эми 2020-жылы өлкөнүн өнөр жайынын башка тармагындагы эмерек өндүрүшүнүн салыштырма салмагы 97,2% түзгөн *[www.stat.kg]*.

Өнөр жайдын башка тармагындагы эмерек өндүрүшүнүн орточо өлчөнгөн салыштырма салмагы бардык талдануучу мезгил ичинде (отуз жылда) 83,2% түздү. Мында эмерек өндүрүшүнүн орточо өлчөнгөн өсүү темпи 399,5% деңгээлге жеткен, бул айрым мезгилдерде өлкөнүн эмерек өндүрүшүнүн абдан жогору өсүү темптери тууралуу күбөлөндүрөт *[www.stat.kg]*.

Тиешелүүлүгүнө жараша, эмерек өндүрүшүнүн орточо өлчөнгөн өсүү темпи бардык талдануучу мезгил ичинде 299,5% деңгээлге жеткен, бул бул айрым мезгилдерде, өзгөчө 1992-жылы, 1997-жылы, 2000-жылы өлкөдө эмерек өндүрүүнүн абдан жогорку өсүү темптери тууралуу күбөлөндүрөт *[www.stat.kg]*.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарына ылайык, Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүү көлөмү 2000-жылдан тартып 2020-жылды кошуп алганда чейин салыштырмалуу туруктуу өскөн *[www.stat.kg]*.

Көрсөтүлгөн мезгилдин айрым жылдарында экономикалык жана экономикалык эмес мүнөздөгү тышкы жана ички жагымсыз факторлордун таасири менен эмерек өндүрүүнүн көлөмү түшүп турган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын өндүрүшүнө жагымсыз таасирин тийгизген 2020-жылдагы түзүлгөн пандемиялык шарттарга карабастан (Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагындагы өндүрүштүн көлөмү 319380238,3 миң сомду түзгөн 2019-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 93,4% физикалык көлөмдүн индексинде), өлкөдө эмерек өндүрүүнүн көлөмү төмөндөгөн эмес, 2019-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу көбөйгөн жана 814515,0 миң сом деңгээлине жеткен *[www.stat.kg]*.

Эмерек өндүрүүнүн өсүү темпи 2020-жылы 111,5 %, ушул талдануучу мезгил үчүн эмерек өндүрүшүнүн өсүү темпи 11,5 % түзгөн *[www.stat.kg]*.

2020-жылдан тартып 2024-жылды кошуп алганга чейинки мезгилде эмерек өндүрүшүнүн болжолдуу суммалык жана орточо өлчөнгөн көлөмү 2010-жылдан тартып 2020-жылды кошуп алганга чейинки мезгилде эмерек өндүрүшүн жүзөгө ашырууда байкалган 113,5 % орточо өсүү темпин сактоо менен тиешелүүлүгүнө жараша 3820699,8 миң сомду жана 764139,9 миң сомду түзөт.

2025-жылдан тартып 2029-жылды кошуп алганга чейинки мезгилде эмерек өндүрүшүнүн болжолдуу суммалык жана орточо өлчөнгөн көлөмү

2010-жылдан тартып 2020-жылга чейинки мезгилде жана 2021-жылдан 2024-жылды кошуп алганга чейинки мезгилде эмерек өндүрүшүн жүзөгө ашырууда байкалган 113,5 % орточо өсүү темпин сактоо менен тиешелүүлүгүнө жараша 4336494,3 миң сомду жана 867298,8 миң сомду түзөт *[www.stat.kg]* (2.1-таблица).

2.1-таблица – 1990-жылдан тартып 2029-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында эмерек өндүрүүнүн суммалык жана орточо өлчөнгөн көлөмү, миң сом

| Мезгили | Эсептелген мезгилде эмерек өндүрүшүнүн суммалык көлөмү | Эсептелген мезгилде эмерек өндүрүшүнүн орточо өлчөнгөн көлөмү |
|---|---|---|
| 1990 – 1994-жылдар (эсептелген) | 110561,5 | 22112,3 |
| 1995 – 1999-жылдар (эсептелген) | 326375,0 | 65275,0 |
| 2000 – 2004-жылдар (эсептелген) | 1069905,3 | 213981,1 |
| 2005 - 2009-жылдар (эсептелген) | 1805504,6 | 361100,9 |
| 2010 - 2014-жылдар (эсептелген) | 2968543,9 | 593708,8 |
| 2015 - 2019-жылдар (эсептелген) | 3367776,0 | 673555,2 |
| ***2020 – 2024-жылдар (болжолдуу)*** | ***3820699,8*** | ***764139,9*** |
| ***2025 – 2029-жылдар (болжолдуу)*** | ***4336494,3*** | ***867298,8*** |

Булак: автор тарабынан маалыматтар боюнча түзүлдү [www.stat.kg]

1990-жылдан тартып 2020-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүшүнүн суммалык жана орточо өлчөнгөн көлөмдөрү 2020-жылдан тартып 2029-жылды кошуп алганга чейинки мезгилде эмерек өндүрүүнүн суммалык жана орточо өлчөнгөн көлөмдөрүн болжолдоого мүмкүндүк берет *[www.stat.kg]* (2.1-сүрөт).




2.1-сүрөт. 1990-жылдан тартып 2020-жылга чейинки мезгилде жана 2029-жылга чейинки болжолдуу мезгилде Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүшүнүн суммалык жана орточо өлчөнгөн көлөмдөрүнүн динамикасы (миң сом)

Булак: автор тарабынан маалыматтар боюнча түзүлдү [www.stat.kg]

1990-жылдан тартып 2020-жылга чейинки мезгилде жана 2029-жылга чейинки болжолдуу мезгилде Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүшүнүн суммалык жана орточо өлчөнгөн көлөмдөрүнүн динамикасы туруктуу өсөт, бул тармак катары эмерек өндүрүшүнүн туруктуу өсүшү тууралуу күбөлөндүрөт (2.1-сүрөт) *[www.stat.kg]*.

Атап айтканда, 2020-жылы өлкөдө белгилүү мөөнөткө мамлекеттик катуу карантиндик чектөөлөр киргизилгенине карабастан, Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүшү, региондук көлөмү дагы, физикалык көлмөмүнүн индекстери да жетиштүү түрдө туруктуу болду (2.2-таблица).

2.2-таблица. – 2020-жылы Кыргыз Республикасынын аймактык бөлүгүндө эмерек өндүрүүнүн көлөмү жана физикалык көлөмүнүн индекстери

| **Региондук эмерек өндүрүшү** | **Эмерек өндүрүшүнүн көлөмү **,** ***(миң сом)*** | **Ата мекендик өндүрүштүн жалпы көлөмүндө региондук эмерек өндүрүшүнүн салыштырма салмагы **,** ***(% менен)*** | **Өлкөнүн өндүрүш ишканаларынын көлөмүндө региондук эмерек өндүрүшүнүн салыштырма салмагы** ***(% менен)*** | **Эмерек өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси (өткөн жылдын тишелүү мезгилине карата) **,** ***(% менен)*** |
|---|---|---|---|---|
| Баткен областы | 96660,7 | 12,1 | 0,03 | 95,0 |
| Жалал-Абад областы | 54588,4 | 6,8 | 0,02 | 103,4 |
| Ысык-Көл областы | 40949,5 | 5,1 | 0,01 | 114,0 |
| Нарын областы | 15449,6 | 1,9 | 0,005 | 89,2 |
| Ош областы | 28272,9 | 3,5 | 0,009 | 99,0 |
| Талас областы | 11165,5 | 1,4 | 0,004 | 77,1 |
| Чүй областы | 116424,0 | 14,5 | 0,04 | 62,4 |
| Бишкек ш. | 434773,9 | 54,3 | 0,14 | 97,7 |
| Ош ш. | 3479,1 | 0,4 | 0,001 | 67,0 |
| ***Эскертүү: Кыргыз Республикасында эмерек өндүрүшүнүн региондук көлөмү жана физикалык көлөмүнүн индекстери боюнча алдын ала маалыматтар* | | | | |

Булак: автор тарабынан маалыматтар боюнча түзүлдү [www.stat.kg]

2020-жылы Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүшүнүн региондук өзгөчөлүктөрүнө жүргүзүлгөн изилдөөгө ылайык, ата мекендик эмерек өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндө региондордогу эмерек өндүрүүнүн салыштырма салмагынын көрсөткүчтөрү эмерек өндүрүүдө региондогу ар түрдүүлүк жөнүндө күбөлөндүрөт: ата мекендик эмерек өндүрүүнүн жалпы көлөмүндө эмерек өндүрүүнүн олуттуу салыштырма салмакты Бишкек шаары (54,3 %), Чүй областы (14,5 %) жана Баткен областы (12,1%) ээлейт, бул өлкөнүн ата мекендик эмерек рыногунун өзгөчөлүктөрү жана сатып алуу суроо-талабынын региондук мүнөзү менен байланыштуу *[www.stat.kg]*.

Жүргүзүлгөн изилдөө 1990-жылдан тартып 2020-жылга чейинки мезгилде жана 2029-жылга чейинки болжолдуу мезгилде Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүшүнүн реалдуу, суммалык жана орточо өлчөнгөн көлөмдөрүнүн динамикасы туруктуу өсө тургандыгын бекемдөөгө мүмкүндүк берет, бул бүтүндөй тармак катары эмерек өндүрүшүнүн туруктуу өсүшү тууралуу күбөлөндүрөт.

Кыргыз Республикасында эмерек өнөр жай ишканаларын түзүү жетиштүү түрдө татаал, чийки заттар өздөрүндө жок жана башка өлкөлөрдөн импорттолот, бул өлкөдө өндүрүлгөн эмеректин өздүк наркына таасир этет, экинчиден, рынокто чет элдик атаандаштарга салыштырмалуу алсыз позицияда.

Ишканаларга туруктуу өнүктүрүү принциптерин киргизүү экономикалык, экологиялык жана социалдык үчөөнүн өз ара байланышында ишине кыйла толук комплекстүү талдоо жүргүзүүгө, туруктуу өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуута, ага баалоо жүргүзүүгө, ошондой эле атаандаштык арыткчылыкка ээ болууга мүмкүндүк берет.

Экинчи бөлүмдө Кыргызстанда эмерек ишканаларын туруктуу өнүктүрүү менен стратегиялык башкаруу механизмин иштеп чыгуу максатында ыңгайлашкан туруктуу өнүктүрүүнүн деңгээлин баалоо процесси иштелип чыкты (2.2-сүрөт).




2.2-сүрөт. – Эмерек ишканаларын туруктуу өнүктүрүү менен башкаруунун стратегиялык модели

Булак: маалыматтар боюнча автор тарабынан түзүлдү [Хомяченкова, Н.А. Методика многокритериальной классификации промышленных предприятий по группам устойчивого развития. Вестник Тверского государственного университета. Серия: прикладная математика. – Тверь, 2010. – № 19. – 81-96-б.]

Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүү ишканаларын туруктуу өнүктүрүү деңгээлин баалоо процесси ишкананын туруктуулугун баалоонун багыттарын аныктоону камтыган этап-этапты, аны аныктаган факторлорду айкындоону, туруктуу өнүктүрүү көз карашынан алганда ишкананын кыйла маанилүү туруктуулугунун көрсөткүчтөрүнүн системасын түзүүнү көрсөтөт: финансы-экономикалык, рыноктук, инвестициялык, социалдык жана экологиялык.

Биринчи этапта бул моделде автор тарабынан эмерек ишканаларын туруктуу өнүктүрүү менен башкаруунун стратегиялык негиздерин түзүү сунушталат (туруктуу өнүктүрүү стратегиялары). Бул этап максаттуу мүнөзгө ээ, т.а. узак мөөнөттүү негизде ишкананы туруктуу өнүктүрүү менен башкаруунун стратегияларын, максаттарын, функцияларын, принциптерин жана ыкмаларын коюуну болжолдойт.

Модель экинчи этапта ишканага стратегиялык талдоо жүргүзүүнүн методикасынын негизинде ички жана тышкы факторлордун таасирин сапаттык жана сандык талдоо жүргүзүүнү болжолдойт.

Үчүнчү этап туруктуу өнүктүрүүнүн деңгээлине талдоо жана баалоо жүргүзүүнү болжолдойт.

Эмерек ишканаларын туруктуу өнүктүрүү Кыргыз Республикасынын рыногунда ишканалардын иш чөйрөсүнүн экономикалык, социалдык жана экономикалык абалын мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдү баалоонун жана болжолдоонун негизинде камсыз кылынышы мүмкүн.

Экономикалык чөйрө эмерек ишканаларынын иши өндүрүштүк жана жарактуу жабдуулардын бар болушу, ишкананын уюштуруу-башкаруучулук потенциалынын мыкты деңгээли, эмерек өндүрүү үчүн материалдарды сарамжалдуу пайдалануу, Кыргыз Республикасына ички ресурстардын жетишсиздигинен улам бул материалдарды четке чыгаруунун натыйжалуу системасы сыяктуу көрсөткүчтөр менен мүнөздөлүүгө тийиш.

Эмерек ишканаларынын ишинин социалдык аспекттери ушул ишкана катышкан персоналдардын эмгегин жана ден соолугун коргоого салымды, Кыргызстан элине жардам берүүнүн социалдык программаларын жана адам укуктарын сактоонун далилдерин камтыйт.

Экологиялык аспект Кыргыз Республикасынын табиятын коргоого багытталган жана экологиялык балансты кармоо үчүн технологияларды колдонуучу эмерек ишканаларына кирет. Экологиялык туруктуулукту талдоодо айлана-чөйрөнү коргоодо жана калыбына келтирүүдө ишканалардын инвестицияларды тартуусу, айлана-чөйрөгө зыяндуу калдыктарды төмөндөтүүнүн ыкмалары жана технологиялары эске алынууга тийиш.

Эмерек ишканаларынын туруктуу өнүктүрүү үчүн саналган үч аспектте кармоо зарыл.

Туруктуу өнүктүрүүнүн көрсөткүчтөр системасы аркылуу иш чөйрөсүнүн экономикалык, социалдык жана экологиялык абалын мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдү баалоонун жана болжолдоонун негизинде туруктуулуктун жалпыланган интегралдык көрсөткүчү аныкталат.

Мындай мамиле айрым көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү динамикасын баалоо мүмкүнчүлүгүн төмөндөтөт жана Кыргыз Республикасынын бардык тармагында эмерек ишканаларын туруктуу өнүктүрүүнү салыштырма талдоого да, өзүнчө алынган ишкананын туруктуулугунун бул жалпыланган көрсөткүчүнүн динамикасын сандык баалоого да мүмкүндүк берет.

Ишкананы өнүктүрүүнүн туруктуулугун баалоо туруктуу өнүктүрүүнүн эл аралык стандарттары боюнча Кеңеш тарабынан бекитилген GRI (Global Reporting Initiative) колдонмодо сунушталган стратегиялык көрсөткүчтөр менен толукталууга да тийиш. Төртүнчү этапта каралуучу модель туруктуу өнүктүрүүнү баалоонун негизинде ишкананы туруктуу өнүктүрүү менен башкаруунун башкаруучулук чечимдерин жана сунуштамаларды иштеп чыгуу, стратегиялык негиздерди түзөтүү. Бешинчи этапта GRI сунуштамаларына ылайык туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоонун натыйжалары боюнча отчеттуулукту түзүү болжолдонот.

**«Кыргызстандын өнөр жай эмерек ишканаларын туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиялык талдоо жана балоо ыкмаларын өнүктүрүү» үчүнчү бөлүмүндө** Кыргыз Республикасынын эмерек өндүрүш ишканаларын өнүктүрүүнүн тышкы туруктуулугуна стратегиялык талдоо жүргүзүлдү жана Кыргызстандын эмерек өндүрүүчү эки ишканасынын мисалында туруктуу өнүктүрүү менен башкаруунун модели колдонулду: «Лина» ЖЧК жана «Кыргызмебель» ААК. Жүргүзүлгөн SWOT-талдоонун жана PEST-талдоонун алкагында бул ишканалар таянган төмөнкүдөй алсыз тараптары белгиленди: жеке чийки зат менен камсыз кылуунун төмөнкү деңгээли, тышкы булактардан көз карандылыгы, ишканаларда жүргүзүлүүчү маркетингдик саясат иш-чараларынын жетишсиздиги, өнүктүрүүнүн так стратегиясынын жоктугу.

2016-жылдан тартып 2020-жылга чейинки мезгилде ушул бухгалтердик жана башкаруучулук эсептин маалыматтарынын негизинде финансылык, өндүрүштүк, маркетингдик, башкаруучулук, социалдык жана экологиялык туруктуулуктун көрсөткүчтөрү жана экономикалык, экологиялык жана социалдык туруктуулуктун интегралдык көрсөткүчтөрү эсептелди.

3.1-сүрөттө 2016-жылдан тартып 2020-жылга чейин «Лина» ЖЧКсы үчүн туруктуулуктун интегралдык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү графиги келтирилди.




3.1-сүрөт. 2016-жылдан тартып 2020-жылга чейин «Лина» ЖЧКсы үчүн туруктуулуктун интегралдык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү графиги

Булак: «Лина» ЖЧКсынын бухгалтердик жана башкаруучулук эсебинин маалыматтарынын негизинде эсептер жүргүзүлдү

«Лина» ЖЧКсы үчүн туруктуулуктун эсептелген көрсөткүчтөрү өсүү мезгилинде олутсуз тенденцияга ээ. Мында 2017-жылы талданууччу мезгил үчүн экологиялык туруктуулуктун көрсөткүчтөрүнүн кескин төмөндөшүнүн эсебинен азыраак көрсөткүчкө жетишкен, бул көрсөтүлгөн мезгил үчүн табиятты коргоо иш-чараларын ишке ашырууга чыгымдардын деңгээлинин төмөндөшү менен түшүндүрүлөт. Социалдык туруктуулуктун көрсөткүчү талдануучу мезгилдин аягында төмөндөө тенденциясына ээ, бул тармак – социалдык туруктуулукту эсептөө үчүн пайдаланылуучу көрсөткүчтөр боюнча орточо айлык акынын өсүшү менен салыштырмалуу ишкананын орточо айлык акысынын аз өсүшү менен байланыштуу.

3.2-сүрөттө 2016-жылдан тартып 2020-жылга чейинки мезгилде «Кыргызмебель» ААК үчүн туруктуулуктун интегралдык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү графиги келтирилди.




3.2-сүрөт. «Кыргызмебель» ААК үчүн туруктуулуктун интегралдык көрсөткүчтөрүнүн жана жалпыланган интегралдык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү графиги

Булак: «Кыргызмебель» ААК тын бухгалтердик жана башкаруучулук эсебинин маалыматтарынын негизинде эсептер жүргүзүлдү

«Кыргызмебель» ЖЧКсы үчүн туруктуулуктун эсептелген көрсөткүчтөрү өсүү мезгилинде олутсуз тенденцияга ээ. 2018-жылдан 2020-жылга чейинки мезгилде экологиялык көрсөткүч ресурстарды үнөмдөөчү технологияларды киргизүүгө жана ишканага экологиялык жагымсыз климатты калыбына келтирүүгө чыгымдардын олуттуу көбөйүшүнүн эсебинен кескин көбөйдү. Социалдык туруктуулуктун көрсөткүчү ошондой эле, тармактар – социалдык туруктуулукту эсептөө үчүн пайдаланылуучу көрсөткүчтөр боюнча орточо айлык акынын өсүшү менен салыштырмалуу ишкананын орточо айлык акысынын аз өсүшү менен байланыштуу төмөндөгөн.

Андан ары баалоодон алынган натыйжалар болжолдуу көрсөткүчтөрдү эске алуу менен башкаруучулук чечимдерди жана сунуштамаларды, ишкананы туруктуу өнүктүрүү менен башкаруунун стратегиялык максаттарын жана ыкмаларын түзөтүү зарылдыгы үчүн маалымат катары кызмат кылат. Ушуга байланыштуу диссертацияда 2026-жылга чейинки

мезгилде эмерек тармагы ишканасын өнүктүрүү болжолу аткарылды. Автор тарабынан иштелип чыккан моделдөө базасында эмерек ишканасынын оптималдаштыруунун негизги багыттарынын жана стратегиялык потенциалын талдоону өнүктүрүү деңгээлинин ыңгайлашкан-сценарийлик болжолунун методикасы Кыргыз Республикасынын эмерек тармагындагы ишканаларда кеңири колдонууну талап кылат.

«Лина» ЖЧКсынын эмерек продукциясын өндүрүү боюнча келечекте күтүлүүчү кирешеси математикалык моделдөөнү пайдалануу менен болжолдонгон.

Аткарылган болжолдуу эсептер 24 707 880 сомду түзгөн 150% көбүрөөк болгон 2016-жылга салыштырмалуу 2026-жылы «Лина» ЖЧКсынын дүң кирешесинин көлөмүнүн 37 911 349 сомго чейин көбөйүшү болжолдонгонун көрсөтөт. Мында 2022-жылдан баштап дүң кирешенинин көлөмү жыл сайын 5-7% көбөйүшү болжолдонууда, бул эмерек ишканасынын жетекчилерине ишкананы туруктуу өнүктүрүү принциптерин киргизүү шарттарында эмерек ишканасын келечектүү өнүктүрүүгө оптимисттик көз караштa кароого мүмкүнчүлүк берет.

Компаниянын менеджментине стратегиялык чечимдерди андан ары түзүү максатында жүргүзүлгөн изилдөөнү эске алуу менен ишти жүзөгө ашыруунун жагымдуу шарттарын пайдалануу менен компаниянын мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу зарыл. Эмерек компаниясын туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясы ишкананы туруксуз тышкы курчоо шарттарында ресурстарды натыйжалуу башкарууга негизделген аларга жетүү үчүн инструменттердин аныкталган топтомун жана аракеттерди камтыган анын өндүрүштүк, экономикалык, башкаруучулук, экологиялык жана социалдык тараптан ишмердигинин олуттуу мүнөздөмөлөрүнүн жана параметрлеринин белгилүү деңгээлин калыбына келтирүү жана сактоо боюнча ишканалардын стратегиялык максаттарына жетүү максатында ишкананы өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү планын көрсөтүүгө тийиш;

Туруктуу өнүктүрүү стратегиясы төмөнкү багыттарда жүзөгө ашырылууга тийиш:

1. жогорку сапатты камсыз кылуу жолу менен компаниянын продукцияларынын атаандаштыкка жөнөмдүүлүгүн жогорулатуу, бирок эмерек өндүрүү үчүн зарыл болгон ресурстарды керектөөнүн алкагында айлана-чөйрөгө зыянын минималдаштырууну эске алуу керек;
2. компаниянын ишине терс таасирин тийгизүүгө жөндөмдүү микро- жана макро чөйрөнүн тобокелдиктерин минималдаштыруу;
3. туруктуу өнүктүрүүнү түзүүчү экономикалык, экологиялык жана социалдык өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу, кайчылаш кызыкчылыктарды эске алуу менен ишкананы туруктуу өнүктүрүү балансын камсыз кылуу;
4. ЕАЭБде Кыргыз Республикасынын кирүүсүнө байланыштуу жана кийин ЕАЭБдин ичинде бажы контролунун формаларын жана бажы алымдарын жокко чыгаруу менен жаңы сатуу рынокторун өздөштүрүү, бул

ЕАЭБ өлкөлөрүндө атаандаштардын баалары менен салыштырмалуу баа менен продукцияны сатууга мүмкүндүк берет;

5. чийки зат ресурстарын жеткирүү менен ишти оптималдаштыруу, кыйла арзан материалдарды колдонуу жолу менен эмерек өндүрүүнүн уюштуруу формаларын өркүндөтүү, чийки зат ресурстарын үнөмдүү пайдалануу жана түздөн-түз байланышуу менен продукцияларды жасоонун натыйжасында сатылуучу продукциялардын көлөмүн көбөйтүү;

6. жаңы кардарларды тартуу максатында компаниянын ишинин маркетингдик багыттарын өркүндөтүү, сатуу рыногун кеңейтүү жана атаандаштардын ишин өздөштүрүү, алардын ишин талдоо жана бул аркылуу атаандаштык артыкчылыкка ээ болуу;

7. ишти жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө айлана-чөйрөгө зыянын азайтууну камсыз кылуу, GRI сунуштамаларын эске алуу менен талдануучу маалыматтарды камтууну кеңейтүү жолу менен компаниянын ишинин экологиялык багыттарын өнүктүрүү;

8. моделдөө системасынын негизинде ишти узак мөөнөттүү болжолун уюштуруу. Өнүктүрүүнүн жаңы багыттарын өздөштүрүүдө пландоонун алдыңкы экономикалык-математикалык методдорунун негизинде болжолдоонун натыйжалуулугуна милдеттүү түрдө баалоо жүргүзүү зарыл.

## КОРУТУНДУ

Изилдөөнүн натыйжасында биз тараптан иштин жыйынтыгын чыгаруучу негизги тыянактар алынды:

1. Туруктуу өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу каалаган уюмдун менеджменти үчүн артыкчылыктуу орунга ээ. Азыркы рынок өнөр жай комплексинде стратегиянын жоктугу ишканалардын ишинин натыйжалуулугуна олуттуу терс таасирин тийгизген стадияда турат, туруктуу өнүктүрүүнүн заманбап реалдуулугуна жана зарыл шартына ылайык келген критерий менен чыгат. Мында ишкананы туруктуу өнүктүрүүнү баалоодо менчик ээсинин (финансылык аспекттин) максатка жетүү зарылдыгын гана эмес, социалдык жана экологиялык көйгөлөрдү чечүүнү дагы эске алуу зарыл.

2. Туруктуу өнүктүрүү жаатында ата мекендик жана чет элдик эмгектерди изилдөөнүн натыйжалары компанияны туруктуу өнүктүрүүнү жалпыланган аныктамасын: «Туруктуу өнүктүрүү – бул тышкы чөйрөнүн терс таасиринде анын ишмердигинин өндүрүштүк, экономикалык, башкаруучулук жана социалдык тараптарынын олуттуу мүнөздөмөлөрүн жана параметрлерининин белгилүү деңгээлин калыбына келтирүү жана сактоо системасынын жөндөмдүүлүгү», ошондой эле компанияны туруктуу өнүктүрүү стратегиясын аныктамасын түзүүгө мүмкүндүк берди: «Туруктуу өнүктүрүү стратегиясы автордук түшүнүгү ишкананы туруксуз тышкы курчоо шарттарында ресурстарды натыйжалуу башкарууга негизделген аларга жетүү үчүн инструменттердин аныкталган топтомун жана аракеттерди камтыган анын ишмердигинин өндүрүштүк, экономикалык, башкаруучулук,

экологиялык жана социалдык тараптан олуттуу мүнөздөмөлөрүнүн жана параметрлеринин белгилүү деңгээлин калыбына келтирүү жана сактоо боюнча ишканалардын стратегиялык максаттарына жетүү максатында ишкананы өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү планы».

3. Стратегиялык талдоо түшүнүгүнө карата колдонуудагы мамилелерди жалпылоого ылайык, стратегиялык максатка жетңң үчүн жүргүзүлгөн жол-жоболорду жана операцияларды иштеп чыгуу боюнча стратегиялык пландоонун элементин; ишкананын ички жана тышкы чөйрөсүн изилдөөнүн натыйжасын камтыйт. Стратегиялык талдоодо стратегиялык башкаруу процессин биринчи этапта ишке ашыруу ишкананы туруктуу өнүктүрүү стратегиясын болжолдоону, башкарууну жана контролдоону шарттайт.

4. Ишкананы туруктуу өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуунун алгоритми сунушталды, ал чараблык субъектке туруктуу өнүктүрүүнүн эл аралык талаптарына ылайык өз ишин уюштурууга мүмкүндүк берет. Сунушталган алгоритм туруктуу өнүктүрүүгө комплекстүү этап-этаптуу талдоо жүргүзүүнү болжойт, ишкананын ишинин экономикалык, социалдык жана экологиялык аспекттер боюнча бирдиктүү жана жалпыланган көрсөткүчтөрүн эсептөөнүн натыйжасында бүтүндөй ишкананы өнүктүрүүнүн туруктуулугунун деңгээли эсептелип чыкты.

5. Кыргызстандын эмерек өнөр жайын өнүктүрүүнүн айкындалган өзгөчөлүктөрүн жана көйгөйлөрүн эске алуу менен, атаандаштыкты жана туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн өзүнүн ички резервдерин максималдуу пайдалануу менен макро- дагы, микро дагы деңгээлде тышкы чөйрөнү өзгөртүүнү эске алуу менен, туруктуу өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу зарыл. Туруктуу өнүктүрүү принциптерине өтүү ата мекендик ишканаларга стейкхолдрерлер менен мамилелерди жакшыртуу үчүн жана инвесторлор менен келечекте пайда алуу көз карашынан алганда да кыйла маанилүү. Мындай өтүү ишканалардын экологиялык жана социалдык коопсуздугун камсыз кылуу тиешелүү мамлекеттик колдоону шарттайт.

6. Эл аралык уюмдардын финансылык эмес отчеттуулугун иштеп чыгуу жана бирдейлештирүү процессин оптималдаштыруу жана жөнөкөйлөштүрүү максатында GRI (Global Reporting Initiative) стандарттары иштелип чыкты, андагы сунуштамаларга ылайык социалдык отчет финансылык менен экинчи тараптан экономикалык, экологиялык жана социалдык отчеттуулуктун көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы байланышты камсыз кылуу менен башка тышкы отчеттор менен бириктирлиши мүмкүн.

7. Кыргыз Рсепубликасында эмерек өндүрүү өнөр жай ишканаларын туруктуу өнүктүрүү деңгээлин баалоонун методикасы сунушталды, ал ишкананын ишинин параметрлерин салыштырмалуу да, динамикалык да талдоо жүргүзүүдө сандык да, сапаттык да көрсөткүчтөрдү колдонууга мүмкүндүк берет. Бул методика туруктуу өнүктүрүүгө комплекстүү, этап-этаптуу талдоо жүргүзүүнү болжолдоого мүнөздүү. Натыйжада ишкананын ишинин айрым багыттары боюнча бирдиктүү жана жалпыланган

көрсөткүчтөрүн эсептөөнүн негизинде бүтүндөй ишкананы өнүктүрүүнүн туруктуулугунун интегралдык мүнөздөөчү деңгээли алынышы мүмкүн.

8. Туруктуулуктун интегралдык көрсөткүчү эсептелди, эмерек компаниясын өнүктүрүү стратегиясынын негизги факторлору жана багыттары аныкталды: компаниянын продукциясынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, тышкы жана ички факторлордун максималдуу көз карандылыгын камсыз кылуу, ишкананы туруктуу өнкүтүрүүнү түзүүчү экономикалык, экологиялык жана социалдык балансты сактоо, ЕАЭБ өлкөлөрүндө жаңы сатуу рынокторун өздөштүрүү, ошондой эле ЕАЭБге кирүүнү эске алуу менен чийки зат базасын жеткирүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүнү оптималдаштыруу маркетингдик ишти өркүндөтүү жана айлана-чөйрөгө зыянын азайтууну камсыз кылуу.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

Диссертациянын темасы боюнча изилдөө ишкананы туруктуу өнүктүрүү менен башкаруу стратегиясын жана ишкананы туруктуу өнүктүрүү деңгээлин баалоонун методикасын өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштамалар берилди:

1. Өзүнүн ички резервдерин максималдуу пайдалануу менен макро- дагы, микро дагы деңгээлде тышкы чөйрөнү өзгөртүүнү эске алуу менен туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясын иштеп чыгуу, атап айтканда, келечекте пайда алуу көз карашынан алганда стейкхолдерлер менен мамилелерди жакшыртуу үчүн туруктуу өнүктүрүүнүн принциптерине өтүү сунушталды. Мында стратегия узак мөөнөттүү туруктуулуктун негизги принциптерине интеграциялануууга тийиш.

2. Ишкананы туруктуу өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуунун алгоритми сунушталды, ал чарбалык субъектке туруктуу өнүктүрүүнүн эл аралык талаптарына ылайык өз ишин уюштурууга мүмкүндүк берет. Сунушталган алгоритм туруктуу өнүктүрүүгө комплекстүү, этап-этаптуу талдоо жүргүзүүнү болжойт, натыйжада ишкананын ишинин экономикалык, социалдык жана экологиялык аспекттери боюнча бирдиктүү жана жалпыланган көрсөткүчтөрүн эсептөөнүн негизинде бүтүндөй ишкананы өнүктүрүүнүн туруктуулугунун деңгээли эсептелиши мүмкүн.

3. Стратегиялык талдоо жүргүзүүнү маалыматтык камсыз кылууну өркүндөтүү, анын ичинде туруктуу өнүктүрүү жаатында келечектеги отчеттуулукту түзүү максатында башкаруучулук эсепти киргизүү сунушталды.

4. Экономикалык туруксуздук жана туруктуу өнүктүрүүнүн деңгээлин түзүүгө жана сактоого багытталган шарттарда комплекстүү баалоо жүргүзүүнү шарттаган көп факторлуу көрсөткүчтөрдү пайдалануу менен ишканалардын стратегиялык туруктуулугу менен башкаруу модели сунушталды.

5. Математикалык-статистикалык ыкмаларды жана туруктуулуктун комплекстүү этап-этабы менен талдоону пайдалануу аркылуу экономикалык,

экологиялык жана социалдык туруктуулуктун интегралдык көрсөткүчтөрү негизделди жана сунушталды.

6. Туруктуу өнүктүрүүнү этап-этабы менен баалоону камтыган бирдиктүү отчетту жарыялоо, эмерек тармагында эмерек компаниясынын ишине сапаттык жана сандык мүнөздөмө сунушталды.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. **Карагулова, А. М.** Влияние концепции устойчивого развития на трансформацию подходов к корпоративной отчетности [Текст] / А.М. Карагулова, Н.В. Малиновская // Актуальные проблемы налогообложения и развития ключевых сфер экономики. – Пенза: ПГУ басмасы, 2014. - 99-104-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=24079117

2. **Карагулова, А.М.** Социальная отчетность как инструмент эффективного управления компанией [Текст] / А.М. Карагулова // Гражданское общество России: становление и пути развития. – М.: Финуниверситет, 2015. - 570-574-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=26263731

3 **Карагулова, А.М**. Стратегический анализ: подходы к определению [Текст] / А.М. Карагулова, Н.В. Малиновская // «Актуальные проблемы учета, экономического анализа и финансово-хозяйственного контроля деятельности организаций» II Эл аралык аралыктан өткөрүлгөн илимий-практикалык конференциянын материалдар жыйнагы (2-бөлүгү). – Воронеж: ВГУ басма үйү, 2015. - 130-132-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=24639055

4. **Карагулова, А.М.** Применение руководства по отчетности в области устойчивого развития мебельными компаниями Кыргызстана [Текст] / А.М. Карагулова, Н.В. Малиновская // «Профессия "бухгалтер": прошлое, настоящее, будущее» VI Эл аралык илимий студенттик конгресстин өткөрүүнүн жыйынтыгы боюнча илимий макалалар жыйнагы. – М.: «Научные технологии» басмасы, 2015. - 63-69-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=24101415

5. **Карагулова, А.М.** Состав и классификация финансовых инструментов как учетной категории в соответствии с МСФО [Текст] / А.М. Карагулова, // М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кабарлары. – Бишкек, 2015. - № 1(31). - 27-29-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=45705418

6. **Карагулова, А.М.** Будет ли востребована социальная отчетность в медицинских учреждениях? [Текст] / А.М. Карагулова, Н.В. Малиновская // «Бухгалтерский учет и налогообложение в бюджетных организациях» журналы. – М., 2015. - № 6 - 67-73-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=24145069

7. **Карагулова, А.М.** Устойчивое развитие мебельных компаний Кыргызстана [Текст] / А.М. Карагулова, Н.В. Малиновская // Илимий-изилдөө иштеринин макалалар-презентациялар жыйнагы. – М.: «АУДИТОР» басмасы, 2016. - 257-262-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=28331031

8. **Карагулова, А.М.** Методика проведения стратегического анализа деятельности мебельных предприятий Кыргызстана [Текст] / А.М.

Карагулова // «Экономика и предпринимательство» журналы. – М., 2016. - № 8(73) - 376-381-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=26482542
9. **Карагулова, А.М.** Некоторые аспекты совершенствования методов стратегического анализа и оценки устойчивого развития предприятий мебельного производства в Кыргызской Республике [Текст] / А.М. Карагулова // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – Ош, 2021. - Т. 2. № 1. - 50-64-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=46580142
10. **Карагулова, А.М.** Информационно-аналитическое обеспечение стратегии устойчивого развития предприятий мебельного производства Кыргызстана [Текст] / А.М. Карагулова // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – Ош, 2021. - Т. 2. № 1. - 38-49-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=46580141

**Карагулова Айгерим Мурзапаязовнанын 08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн «Кыргызстандын эмерек өндүрүү ишканаларын туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоонун жана баалоонун ыкмаларын өркүндөтүү» деген темада жазылган диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Кыргыз Республикасы, эмерек өндүрүшү, ишкананы туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоо, баалоо методдору, эмерек өндүрүш ишканаларын туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоо жана баалоо методдорун өркүндөтүүнүн айрым аспекттери.

**Изилдөө объекти:** стратегиялык талдоо, эмерек ишканаларын туруктуу өнүктүрүүнү баалоонун негизги факторлору.

**Изилдөө предмети:** чарбалык субъекттерди туруктуу өнүктүрүүнү стратегиялык талдоо жана баалоо көйгөйлөрү.

**Изилдөө максаты** чарбалык субъекттерди туруктуу өнүктүрүү жаатында стратегиялык талдоо жана баалоо боюнча илимий-методикалык жоболорду жана практикалык сунуштамаларды иштеп чыгууда турат.

**Изилдөөнүн методдору:** жалпы илимий талдоо, жалпылоо, салыштыруу, жалпылаштыруу, топтоштуруу, классификациялоо, болжолдоо методдорун пайдаланууга негизделген. Эмпирикалык изилдөөлөр фактордук стратегиялык талдоо методдоруна негизделген, атап айтканда, PEST, SWOT объектти комплекстүү баалоону аткарууга мүмкүндүк берүүчү жана башкалар.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы:** ишкананы туруктуу өнүктүрүүнү баалоонун мамилелери жана методикалары системалаштырылды жана жалпыланды, Кыргызстандын эмерек өнөр жайынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен туруктуу өнүктүрүүнү баалоонун жана стратегиялык талдоонун методикасы иштелип чыкты; тышкы жана ички факторлордон көз каранды көп пландуу категория катары туруктуу өнүктүрүү стратегиясы аныкталды; көп факторлуу көрсөткүчтөрдү пайдалануу менен ишкананын стратегиялык туруктуулугун башкаруунун модели иштелип чыкты; Кыргыз Республикасынын эмерек тармагын башкарууга карата туруктуулукту этап-этабы менен комплекстүү талдоону пайдалануу аркылуу экономикалык, экологиялык жана социалдык туруктуулуктун интегралдык көрсөткүчтөрүнүн комплекси негизделди

**Колдонуу чөйрөсү:** диссертациянын негизги тыянактары жана сунуштамалары эмерек ишканаларын туруктуу өнүктүрүүнү баалоо жана стратегиялык талдоо процессинде келип чыккан бир катар комплекстүү көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүндүк берет, сунушталган методиканын жыйынтыгы менен алынган жана ички жана тышкы кызыкдар тараптар үчүн берилген маалыматтардын аныктыгынын деңгээлин жогорулатат.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертационного исследования Карагуловой Айгерим Мурзапаязовны на тему «Совершенствование методов стратегического анализа и оценки устойчивого развития предприятий мебельного производства Кыргызстана» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.12 – бухгалтерский учет, статистика**

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика, мебельное производство, методы стратегического анализа, оценка устойчивого развития предприятий, некоторые аспекты совершенствования методов стратегического анализа и оценки устойчивого развития предприятий мебельного производства.

**Объектом исследования:** стратегический анализ, основные факторы оценки устойчивого развития мебельных предприятий.

**Предмет исследования:** проблемы стратегического анализа и оценки устойчивого развития хозяйствующих субъектов.

**Цель исследования** состоит в разработке научно-методических положений и практических рекомендаций по стратегическому анализу и оценки в области устойчивого развития хозяйствующих субъектов.

**Методы исследования:** основан на использовании общенаучных методов анализа, синтеза, сравнения, обобщения, группировки и классификации. Эмпирические исследования основаны на методах факторного стратегического анализа, в частности PEST, SWOT и других, позволивших выполнить комплексную оценку объекта.

**Полученные результаты и их новизна:** систематизированы и обобщены подходы и методики к оценке устойчивого развития предприятий, уточнено понятие «стратегии устойчивого развития» с использованием методики стратегического анализа применительно к оценке устойчивости мебельных предприятий; предложена методика оценки стратегического анализа и оценки устойчивого развития с учетом особенностей мебельной промышленности Кыргызстана; определена стратегия устойчивого развития как многоплановая категория, зависящая от внешних и внутренних факторов; разработана модель управления стратегической устойчивостью предприятий с использованием многофакторных показателей; обоснован комплекс интегральных показателей экономической, экологической и социальной устойчивости с использованием математико-статистических методов и комплексного поэтапного анализа устойчивости применительно к управлению мебельной отрасли Кыргызской Республики.

**Область применения:** основные выводы и рекомендации диссертации позволяют решить ряд комплексных проблем, возникающих в процессе оценки устойчивого развития и стратегического анализа мебельных предприятий, повышают уровень достоверности информации, получаемой по итогам применения предложенной методики и предоставляемой для пользования внутренним и внешним заинтересованным сторонам.

## SUMMARY

**of the dissertation research by Karagulova Aigerim Murzapaiazovna on "Improving methods of strategic analysis and assessment of sustainable development of furniture manufacturing enterprises in Kyrgyzstan" topic, for the degree of economic sciences candidate on specialty 08.00.12 - accounting, statistics.**

**Key words:** Kyrgyz Republic; furniture manufacturing; methods of strategic analysis; assessment of sustainable development of enterprises; some aspects of improving strategic analysis and assessment of sustainable development of furniture manufacturing enterprises methods.

**The object of the research:** strategic analysis, main factors for assessing the sustainable development of furniture enterprises.

**The purpose of the research:** developing scientific and methodological provisions and practical recommendations for strategic analysis and assessment in the field of sustainable development of business entities.

**Research methods:** based on the use of general scientific methods of analysis, synthesis, comparison, generalization, grouping and classification. Empirical studies are based on the methods of factorial strategic analysis, in particular PEST, SWOT and others, which made it possible to carry out a comprehensive assessment of the object.

**Obtained results and its novelty:** approaches and methods for assessing enterprises' sustainable development were systematized and generalized, the concept of "sustainable development strategy" was clarified using strategic analysis method in relation to assessment of furniture enterprises sustainability; a methodology of strategic analysis and sustainable development assessment was proposed, taking into account peculiarities of Kyrgyzstan furniture industry; the strategy of sustainable development has been defined as a multidimensional category which depends on external and internal factors; a model of managing enterprises' strategic stability, using multifactor indicators has been developed; an integral indicators' set of economic, environmental and social sustainability was substantiated, using mathematical-statistical methods and a comprehensive step-by-step analysis of sustainability in relation to the furniture industry management of the Kyrgyz Republic.

**Scope:** the main conclusions and recommendations of the dissertation allow solving a number of complex problems arising during the process of sustainable development assessment and strategic analysis of furniture enterprises, increasing the level of information reliability obtained as a result of applying proposed methodology and provided for use by internal and external stakeholders.